## 1. Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын ишине көзөмөлдүк (оверсайт)

- **Системалык жактан маанилүү төлөм системасынын ишине мониторинг жана талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү**

### 1.1. Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы (мындан ары – эсептешүүлөрдүн гросстук системасы)

Эсептешүүлөрдүн гросстук системасынын ишине мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча 2015-жылдын 3-чейрегинде катышуучулардын орто күндүк ликвиддүү каражаттарынын көлөмү өткөн чейрекке салыштырмалуу 23,3 пайызга, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 1,1 пайызга төмөндөшү байкалып, анын мааниси 15,8 млрд сомду түзгөн.

Отчеттук мезгил ичинде система катышуучуларынын жигердүүлүгү өткөн мезгилдин көрсөткүчтөрүнө салыштырмалуу өскөн. Системадагы жүгүртүүлөр 446,2 млрд сомду түзгөн, бул өткөн мезгилдин көрсөткүчүнөн 25,4 пайызга жогору. Айрыкча бул көбөйүү автоматташтырылган тоорук системасы аркылуу өткөн операциялар көлөмүнүн өзгөрүүсүнөн улам келип чыккан.

Системада жүгүртүү көрсөткүчү мындан мурунку көрсөткүч менен салыштырмалуу 0,4-кө чечин көбөйгөн (30,5 пайызга).

Ликвиддүүлүк деңгээлине карата төлөмдөр көлөмүнүн катышы жүргүзүлгөн талдап-иликтөөнүн негизинде системада *финансылык тобокелдиктер деңгээли* жүгүртүүгө карата ликвиддүү каражаттардын көрсөткүчү жогорку деңгээлде сакталышынан улам минималдуу бойдон калганын белгилесе болот.

Системада орун алышы ыктымал болгон финансылык тобокелдиктердин дагы бир көрсөткүчүнөн болуп, катышуучулардын төлөмдөрүнүн кезекке туруп калышы саналат, ал катышуучунун Улуттук банктагы корреспонденттик эсебинде акча каражаттарынын жетишсиздиги менен шартталат. Отчеттук мезгилде эсептешүүлөрдүн гросстук системасынын ичинде кезекке турган төлөмдөр катталган эмес.


1-график. Эсептешүүлөрдүн гросстук системасында финансылык тобокелдиктердин деңгээли




2-график. Эсептешүүлөрдүн гросстук системасында ликвиддүүлүк жана төлөмдөр көлөмүнүн орто күндүк көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүүсүнүн динамикасы




3-график. Кезекке туруп калган төлөмдөрдүн саны жана суммардык мөөнөтү




4-график. Эсептешүүлөрдүн гросстук системасында жеткиликтүүлүк көрсөткүчүнүн жана операциялык тобокелдиктин өз ара катышы




*Системада орун алган операциялык тобокелдиктер*. Эсептешүүлөрдүн гросстук системасынын ишин талдап - иликтөөлөр тобокелдик фактору катары операциялык күндү узартууну эске алуу менен жеткиликтүүлүк

көрсөткүчү[1] 2015-жылдын 3-чейрегинде 100,0 пайызды түзгөн. Ошол эле учурда системада операциялык тобокелдиктин деңгээли 7,4 пайызды түзгөн (өткөн мезгилдеги көрсөткүчтөн 4,2 пайызга көп). Бул көрсөткүчтүн мааниси катышуучулардын өтүнүүсү боюнча системанын ишин узартуунун натыйжасында анын иш регламентинин бузулушу менен шартталган. Узартуунун суммардык убактысы 41 саат 15 минутаны түзгөн болсо, анын ичинен максималдуу убакыт – 2015-жылдын 4 сентябрында 4 саат 30 минутаны түзгөн. Узартуунун санынын жана убактысынын олуттуу өсүшү кардарлардын, банктар аралык төлөмдөрүн жүргүзүү жана эсептешүүлөрдү аягына чыгаруу үчүн системанын иш тартибин узартуу талабы менен байланыштуу болгон.


Бул бузуулар Улуттук банктын тарифтик саясаты менен Улуттук банк Башкармасынын ар бир айдын акыркы 3 күнүнүн ичинде бюджеттик төлөмдөрүн иштеп чыгуу боюнча атайын чечими менен жөнгө салынат.

### 1.2. Пакеттик клиринг системасы

*Пакеттик клиринг системасындагы финансылык тобокелдиктер*. Отчеттук мезгил ичинде системада акча каражаттарынын резервинен дебеттик таза позициянын артышына байланыштуу фактылар катталган эмес, бул катышуучулардын өтүмдүүлүк деңгээлинин жетиштүү экендигин түшүндүрөт.

Төмөнкү графикте көрсөтүлгөндөй, банк-катышуучулар пакеттик клиринг системасы ичинде акыркы эсептешүүлөрдү жүргүзүү үчүн талаптагыдан көбүрөөк каражаттарды резервге коюшкан.


**5-график. 2015-жылдын 3-чейреги үчүн Пакеттик клиринг системасында дебеттик таза позициянын ордун жабууга карата дебеттик таза позициянын жана камдын суммардык маанисинин катышы (млн сом)**




Ошентип отчеттук мезгил ичинде катышуучулар тарабынан дебеттик таза позициянын ордун жабууга коюлган резервдери ликвиддүүлүк каражаттарынын зарыл деңгээлен 4,6 эсе ашкан.

286,4 млн сом суммасында (иштелип чыккан төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнөн 1,1 пайыз) пакеттик клиринг системасы менен четке кагылган төлөмдөрдүн жалпы саны 9 754 түзгөн (системадагы жалпы иштеп чыгарылган төлөмдөрдөн 1,1 пайызды түзөт). Четке кагылган төлөмдөрдүн негизги себептеринен болуп “Башка” төлөмдөр саналган.

**6-график. Коммерциялык банктарда четке кагылган төлөмдөрдүн саны.**





[1] Жеткиликтүүлүк коэффициенти- бул, системанын пайдалануучулары үчүн алардын талаптары боюнча кызматтардан жана маалыматтардан пайдалануу мүмкүнчүлүгү катары системанын жеткиликтүүлүгүн мүнөздөгөн көрсөткүч. Техникалык кемчиликтерден, электрэнергиясынын өчүрүлүшүнөн, системанын операциялык күнүнүн кеч ачылышынан же эрте жабылышынан улам системадагы үзгүлтүктөр системадан пайдалануу убактысын кыскартат.

1-таблица. Пакеттик клиринг системасында система тарабынан четке кагылган төлөмдөрдүн бөлүштүрүү түрлөрү

| Себептери | 2014-ж. 3-чей. | | 2015-ж. 2-чей. | | 2015-ж. 3-чей. | | Өсүү (%) | | Абстрактуу түрдө өсүшү | | Үлүш (%) | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | көлөмү (млн сом) | саны (даана) | көлөмү (млн сом) | саны (даана) | көлөмү (млн сом) | саны (даана) | көлөмү (%) | саны (%) | көлөмү (млн сом) | саны (даана) | көлөмү | саны |
| Бардыгы | 280,11 | 3 234 | 253,15 | 4 050 | 286,35 | 9 754 | 2,23 | 202 | 33,20 | 5 704 | 100,00 | 100,00 |
| Субкатышуучунун туура эмес коду | 5,75 | 216 | 22,70 | 879 | 24,85 | 920 | 332,47 | 326 | 2,15 | 41 | 8,68 | 9,43 |
| Туура эмес эсеп | 57,03 | 872 | 65,50 | 863 | 47,87 | 797 | -16,06 | -9 | -17,63 | -66 | 16,72 | 8,17 |
| Төлөмдүн ката коду | 27,11 | 547 | 45,19 | 858 | 41,21 | 837 | 52,01 | 53 | -3,99 | -21 | 14,39 | 8,58 |
| Кайталанган референс | 18,04 | 668 | 47,68 | 1 176 | 79,03 | 1 447 | 338,03 | 117 | 31,35 | 271 | 27,60 | 14,83 |
| Төлөмдүн суммасынын максималдуу мааниден артышы | 131,74 | 50 | 43,18 | 20 | 36,03 | 21 | -72,65 | -58 | -7,15 | 1 | 12,58 | 0,22 |
| Башка төлөмдөр | 40,44 | 881 | 28,90 | 254 | 57,36 | 5 732 | 41,83 | 551 | 28,46 | 5 478 | 20,03 | 58,77 |
| Жалпы иштелип чыккан төлөмдөр | 26 754,90 | 977 292 | 24 083,30 | 805 912 | 26 066,40 | 893 242 | | | | | | |
| Четке кагылган төлөмдөрдүн иштелип чыккан төлөмдөргө карата үлүшү | 0,03% | 0,33% | 1,05% | 0,50% | 1,10% | 1,09% | | | 0,05% | 0,59% | | |

*Системадагы операциялык тобокелдиктер*. 2015-жылдын 3-чейрегинде пакеттик клиринг системасынын ишине мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгында, системанын жеткиликтүүлүк көрсөткүчү 100,0 пайызды түзгөн, операциялык тобокелдик деңгээли 3,5 пайыз чегинде түптөлгөн. Пакеттик клиринг системасында операциялык тобокелдик системанын иш тартибинин узартылышы менен шартталган. Катышуучулар тарабынан системанын иш мезгилдерин узартуу боюнча суммардык мөөнөтү 13 саат 39 минутаны түзгөн, анын ичинен эң узак мөөнөт – 6 саат 41 минута болгон.

**7-график. Пакеттик клиринг системасында операциялык тобокелдиктин жеткиликтүүлүк көрсөткүчүнүн катышы**




*Потенциалдуу тобокелдиктерге баа берүү:* **тобокелдиктер анчалык олуттуу эмес**. 2015-жылдын 3-чейрегинде пакеттик клиринг системасынын ишинде **техникалык үзгүлтүктөр** байкалган эмес.

- **Төлөм карттарын пайдалануу менен эсептешүүлөр системасынын ишине талдап-иликтөөлөр**

### 1.3. «Элкарт» улуттук төлөм системасы

*Системадагы операциялык тобокелдиктер.* Маанилүү төлөм системасынын ишине кезектеги мониторингдин жана талдап-иликтөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча «*Элкарт» улуттук төлөм системасында* жеткиликтүүлүк деңгээли 2015-жылдын 3-чейрегинде 99,0 пайызды түзгөн. Система ишинде убактылуу үзгүлтүктөр менен байланыштуу операциялык тобокелдиктер 1,0 пайызды түзгөн.

- *Потенциалдуу тобокелдиктерге баа берүү:* системада үзгүлтүктөрдүн бир бөлүгү олуттуу мүнөзгө ээ болгон.

**8-график. Бирдиктүү банктар аралык процессинг борборунда операциялык тобокелдиктин жеткиликтүүлүк көрсөткүчүнүн**




### 1.4. Төлөм карттарын пайдалануу менен эсептешүүлөр системасында алдамчылык транзакциялар

Коммерциялык банктардан мезгил-мезгили менен берилүүчү банктык регулятивдик отчеттун чегинде алынган маалыматтарды талдап-иликтөөдөн улам, төлөм карттары менен эсептешүү системаларында, 2015-жылдын 3-чейреги ичинде 70 шектүү операция катталган (эл аралык VISA Int. системасынын карттарын пайдалануу менен 62 жана «Элкарт» карттары менен - 8 транзакция). Алардын ичинен алдамчылык жолу менен транзакциялар катары жалпысынан 528179,98 сомду түзгөн 40 транзакция каралган.

2-таблица. Банктык карттарды пайдалануу менен ишке ашырылган алдамчылык ыкмалары боюнча маалыматтар

| Алдамчылык ыкмасы | 2015-ж. 1-ч. | | 2015-ж. 2-ч. | | 2015-ж. 3-ч. | | Өсүшү | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Саны | Көлөмү (сом) | Саны | Көлөмү (сом) | Саны | Көлөмү (сом) | Саны | Көлөмү (сом) |
| Жасалма төлөм карттар: | - | - | 2 | - | - | - | - 2 | - |
| -MasterCard | - | - | 0 | - | - | - | - | - |
| -Visa | - | - | 2 | - | - | - | - 2 | - |
| -Элкарт | - | - | 0 | - | - | - | - | - |
| Жоготулган, уурдатылган, унутулган төлөм карттар: | - | - | 4 | 160 000,00 | - | - | - 4 | - 160 000,00 |
| -MasterCard | - | - | 1 | 30 000,00 | - | - | - 1 | - 30 000,00 |
| -Visa | - | - | 3 | 130 000,00 | - | - | - 3 | - 130 000,00 |
| -Элкарт | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Почта, телефон, интернет аркылуу буйрутма (скимминг): | 16 | 397 578,29 | 26 | 208 101,24 | - | - | - 26 | - 208 101,24 |
| -MasterCard | - | - | - | - | - | - | - | - |
| -Visa | 16 | 397 578,29 | 26 | 208 101,24 | 22 | 339 580,28 | - 4 | 131 479,04 |
| -Элкарт | - | - | - | - | 4 | 35 005,00 | 4 | 35 005,00 |
| Башка транзакциялар: | 41 | 652 205,21 | 6 | 134 253,10 | - | - | - 6 | - 134 253,10 |
| -MasterCard | - | - | 3 | 41 161,47 | - | - | - 3 | - 41 161,47 |
| -Visa | 40 | 649 705,21 | 3 | 93 091,63 | 14 | 153 594,70 | 11 | 60 503,07 |
| -Элкарт | 1 | 2 500,00 | - | - | - | - | - | - |
| Бардыгы | 57 | 1 049 783,50 | 38 | 502 354,34 | 40 | 528179,98 | 2 | 25 825,64 |


Финансылык жоготуулардын келип чыгышынын негизги себеби бул алдамчылардын скимминг жабдууларын, жасалма карттарды колдонуусу болгон.

Карт ээлеринин коопсуздук эрежелерин сактабагандыгы жана банк менен түзүлгөн келишим шарттарын бузгандыгы финансылык тобокелдиктерге алып келген (мында, үчүнчү жактардын төлөм картын пайдаланышы чектелген эмес, ПИН-коддун купуялуулугу жана туура сакталышы камсыз кылынган эмес).

Башка шектүү транзакциялар өз учурунда аныкталып, система тарабынан четке кагылган. Банктар финансылык жоготууларга учураган эмес.

- **<u>SWIFT жамааттык пайдалануу түйүнүнүн ишине контролдук</u>**

*<u>Системадагы операциялык тобокелдиктер</u>*. 2015-жылдын 3-чейреги ичинде системадан пайдалана алуу деңгээли 98,9 пайызды түзгөн (жогору). Бул көрсөткүчтүн төмөндөшүнө SWIFT жамааттык пайдалануу түйүнүндө окуя журналдарын жана билдирүүлөрдү архивдөө боюнча алдын ала пландык иштер таасир эткен.



9-график. SWIFT жааматтык пайдалануу түйүнүндө операциялык тобокелдиктин жана жеткиликтүүлүктүн көрсөткүчү

SWIFT жамааттык пайдалануу түйүнүнүн эрежелерине ылайык Улуттук банк банк-катышуучуларга жүргүзүлүп жаткан иштер жөнүндө маалымдаган. SWIFT жамааттык пайдалануу түйүнүнө кошулуу жана аны пайдалануу жөнүндө келишимине ылайык, штаттан тышкаркы жагдайлар орун алган шартта, коммерциялык банктар иш учурунда билдирүүлөрдү берүүнүн альтернативалуу ыкмаларын колдонушун белгилеп кетүү зарыл.

SWIFT системасында операциялык тобокелдиктер деңгээли минималдуу бойдон калган.

- **<u>Коммерциялык банктарда төлөм системаларынын иштешине мезгил-мезгили менен мониторинг жана талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү</u>**


Коммерциялык банктардан мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчеттун чегинде алынуучу маалыматтарды талдап-иликтөөдөн улам, 2015-жылдын 3-чейреги ичинде төлөм системасынын ишинде 244 штаттан тышкаркы жагдай катталган.

Олуттуу мүнөздөгү штаттан тышкары жагдайдын үлүшү анын жалпы санынан бөлүгү 66,0 пайызды, олуттуу эмес – 34,0 пайызды түзгөн.



10-график. 2015-ж. Коммерциялык банктарда 2015-жылдын 3-чейреги ичинде штаттан тышкары жагдайлардын келип чыгышынын негизги себептери

Ошентип, үзгүлтүктөрдүн төмөнкүдөй негизги түрлөрүн белгилөө мүмкүн:




- *Энергия менен камсыз кылуу жагында үзгүлтүктөр* – төлөм системаларынын ишиндеги штаттан тышкаркы жагдайлардын жалпы санынан 63,9 пайызды түзгөн.

*Потенциалдуу тобокелдиктерге баа берүү:* тобокелдиктер олуттуу эмес болгондуктан финансылык жоготуулар катталган эмес. Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын талаптарына ылайык, банктар үзгүлтүксүз камсыз кылуу булактары менен жабдылган. Бирок электр энергиясынын өчүрүлүшү, банктардын аралыкта орнотулган айрым жабдууларынан пайдалана алуу деңгээлине таасир эткен.

- *байланыш каналдарындагы үзгүлтүктөр* төлөм системаларынын ишиндеги штаттан тышкаркы жагдайлардын жалпы санынан 7,4 пайызын түзгөн.
- *аппараттык-программалык комплекстин жана аралыкта орнотулган жабдуулардын ишинде үзгүлтүктөр* төлөм системаларынын ишиндеги штаттан тышкаркы жагдайлардын жалпы санынан 23,8 пайызын түзгөн.